**Г.П.Кудряшов атындагы Орловка №1 орто мектебинин**

**2022-2023-окуу жылындагы**

**Мамлекеттик тилдин бир айлыгын өткөрүү боюнча**

**Маалымдама**

Мамлекеттик тилдин бир айлыгын өткөрүүнүн бир айлык планы түзүлүп , максаты коюлду . План боюнча иш- чаралар өткөрүлдү . Бир айлык 5-сентябрдан 13-октябрга чейин белгиленди .

2022-2023-окуу жылынын 23-сентябрь Кыргыз тили күнүнө арналган "Кыргыз тили – кыргыз элинин улуттук маданиятынын очогу" деген темада бир айлыкты ачуу аземи өттү . Линейкада 9-В , 10-В , 11-Б класстардын тандалган окуучулары катышып , бир айлыкты ачышты . Мугалим тарабынан даярдалган окуучулар коноктор менен саламдашып , кыргыз тилин даңазалаган ырларын көркөм айтышып , Манас эпосунан үзүндү айтылды . Ошондой эле Кыргыз тили күнү боюнча маалымат берилди .

Мамлекеттик тилдин бир айлыгына түзүлгөн план боюнча иш- чаралар өткөрүлө баштады.

"Кыргыз тилим кылымдарды карыткан , эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан " деген темада 1-11-класстар класстык сааттарды өткөрүштү . Ошондой эле ар бир класс жетекчи өз кабинетинде Мамлекеттик тил күнүнө карата атайын бурч уюштурган . Бурчта кыргыз тили боюнча маалымат жана даңазалай турган ырлар берилген . Мындан тышкары 5-11-класстардын окуучулары дубал гезит тартып , конкурска катышышты .

1-4-класстар арасында сүрөт жана кол өнөрчүлүк конкурс жарыяланды . Бул конкурска ар бир класс мыкты даярдык көрдү . Сүрөттөр дубалдарга илинип , мектептин көркүн ачып турду .

Ошондой эле 5-8-класстар арасында "Улут болсом тилим менен улутмун " деген темада көркөм окуу сынагы өткөрүлдү . Сынакка катышкан окуучулар жакшы даярданып келишкен , бирок ошого карабастан мыктынын мыктысы болгон окуучуларга грамоталар

берилди . Көркөм окуу сынагы менен бирге “Өнөр алды – кызыл тил ” деген темада манасчылар конкурсу өткөрүлдү . Жаш манасчылар кыргыз класстарда гана болгондуктан саналуу эле окуучулар катышты . Мыкты манасчы деп аталган окуучуларга атайын дайындалган грамоталар тапшырылды .

9-11-класстар арасында “Мамлекеттик тилдин келечеги – жаштарда ” деген темада дилбаян , эссе , реферат жазуу конкурсу жарыяланды . Бул конкурска каалаган эле окуучулар катышып , тапшырма бардык талап менен текшерилип , мыкты жазылган дилбаян , эссе , рефераттар атайын грамоталар менен сыйланды .

Ошондой эле , 4 мектеп арасында райондук деңгээлде КВН өткөрүлдү . Бул конкурска кыргыз тили мугалими Иманалиева А.А. өз окуучулары менен даярдык көрүп , конкурска катышты . Конкурска алдын ала 11 тапшырма берилип , жогорку деңгээлде даярдык көрүштү . КВНдин жыйынтыгы боюнча Иманалиева А.А. окуучулары менен 2-орунга ээ болушуп , атайын грамота менен сыйланып келишти . Иманалиева А.Ага терен ыраазычылык билдирип , ишине ийгилик каaладык .

Жыйынтыктап айтканда , Кыргыз тили күнүнө арналган бир айлык мектеп ичинде жогорку деңгээлде өттү . Ар бир класс жетекчи , ар бир окуучу активдүү катышты . Кыргыз тилчи мугалимдерге өзгөчө ыраазычылык билдирдик . Ар бир конкурстун жыйынтыгы боюнча мыктынын мыктысы болгон окуучуларга грамоталар берилди. Атап өтсөк , көркөм окуу конкурсунун жеңүүчүсү Асанбаева Назик жана Канатова Шоола , жаш манасчы конкурсунун жеңүүчүлөрү 9-В класстын окуучусу Майрамбеков Алымбек, 11-Б класстын окуучусу Бактыбеков Адилет , мыкты жазылган дилбаян Турганбаева Айжамал жана Канатова Шоола болсо , эң жакшы бурч 10-В жана 9-А класс болду , ошондой эле дубал гезит конкурсунун жеңүүчүлөрү 1- орун 10-В , 6-В , 10-А класстардыкы болсо , 2-орун 5-В , 9-В , 8-В , 10-Б , 8-Б класстардыкы , ал эми 3-орун 11-Б , 7-А класстыкы болду .

Ар бир катышуучуга , ар бир мугалимге тереӊ ыраазычылык билдирдик .

Усулдук бирикменин жетекчиси : Сандыбаева А.М.